КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ
КАРАШТУУ ЖЕКЕ
МААЛЫМАТТАРДЫ КОРГОО БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ЗАЩИТЕ
ПЕРСОНАЛЬНЫХ ДАННЫХ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_______________________ №_________

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартибин жана формасын бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-мартындагы № 115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомунун 27-пунктун ишке ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 22-декабрындагы № 325 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобосунун 14-пунктун жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

1. Тиркемеге ылайык Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартиби жана формасы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттигинин мыйзамдык экспертиза жана укуктук камсыздоо бөлүмүнө:

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык ушул буйрукту расмий жарыялоо боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;

– расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде жарыяланган булагын көрсөтүү менен ушул буйруктун көчүрмөсүн эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын

мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

– бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөлөрү эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жиберсин.

3. Ушул Тартип жеке маалыматтарды трансчегаралык берүүнү кошкондо, жеке маалыматтарды чогултуу, сактоо, иштетүү, пайдалануу, берүүнү ишке ашыруучу жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси) тарабынан колдонулат.

4. Бул буйруктун аткарылышынын көзөмөлдөөсүн өзүмө калтырамын.

5. Бул буйрук Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектилерине билдирүү тартибин жана формасын бекитүү тууралуу” токтому күчүн жоготту деп табылган учурдан тартып күчүнө кирет.

---

**Об утверждении Порядка и формы уведомления субъекта персональных данных о факте передачи его персональных данных третьей стороне**

Во исполнение пункта 27 постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, руководствуясь пунктом 14 Положения о Государственном агентстве по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22 декабря 2021 года № 325, **приказываю:**

1. Утвердить Порядок и форму уведомления субъекта персональных данных о факте передачи его персональных данных третьей стороне согласно приложению.

2. Отделу законодательной экспертизы и правового обеспечения Государственного агентства по защите персональных данных при Кабинете Министров Кыргызской Республики:

– принять соответствующие меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

– в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа, в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

– в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить копии приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для сведения.

3. Настоящий Порядок подлежит применению держателями (обладателями) массивов персональных данных, осуществляющими сбор, хранение, обработку, использование, передачу персональных данных, включая трансграничную передачу персональных данных.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

5. Настоящий приказ подлежит официальному опубликованию и вступает в силу со дня признания утратившим силу постановления Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Порядка получения согласия субъекта персональных данных на сбор и обработку его персональных данных, порядка и формы уведомления субъектов персональных данных о передаче их персональных данных третьей стороне» от 21 ноября 2017 года № 759».

**Директор** **А.Ж. Усенов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН